DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Исакова В.Т.*

# БААЛООНУ УЮШТУРУУДАГЫ МУГАЛИМДИН ТАЯНЫЧ ТҮШҮНҮКТӨРҮ

*Исакова В.Т.*

# ОПОРНЫЕ ПОНЯТИЯ ДЛЯ УЧИТЕЛЯ В ОРГАНИЗАЦИИ ОЦЕНИВАНИЯ

*V.T. Isakova*

# THE BASIC CONCEPTS OF THE TEACHER IN THE ORGANIZATION OF ASSESSMENT

*УДК:371.262*

*Окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоону уюштуруу үчүн мугалимдин баалоо тууралуу негизги түшүнүктөрү болуусу, баалоонун принциптери менен функцияларын билиши зарыл. Эмнени баалоо керек деген суроого жооп берүү дагы маанилүү. Окутуу процессинде окуучулар окуу материалын кандай кабыл алып жатканын мугалим билүүсү керек. Баалоо окутуунун бардык жыйынтыктары канчалык деңгээлде эффективдүү экени жөнүндө маалыматты берет, ошондой эле жыйынтыкты талдоо аркылуу жаңы пландар менен толукталат, бул, окутуу процессине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө негиз болуп бере алат. Критерийлерди алдын ала аныктап алуу окуучунун окуу жетишкендигин объективдүү баалоого мүмкүндүк берет. Баалоо окуучулардын ээ болгон билимдерин, билгичтик менен көндүмдөрүн аныктайт, аны менен кошо өздөштүрүлгөн билимдердин сапаты, б.а. толуктугу, бекемдиги, тереңдиги, ийилчектиги ж.б. аныкталат, булардын бардыгы окуучунун инсандык сапатын аныктоого жардам берет. Мугалим ушул факторлорду эске алган учурда баалоо процессин ийгиликтүү уюштура алат. Макалада ушул маанилүү жагдайлар тууралуу сөз кылынат.*

***Негизги сөздөр:** педагогикалык баалоо, принциптер, функциялар, окутуунун натыйжасы, окуучулардын окуу жетишкендиктери, критерийлер.*

*Для организации оценки учебных достижений у ученика должны быть основные представления учителя об оценке, должен знать принципы и функции оценки. Важно ответить на вопрос, что нужно оценивать. В процессе обучения учитель должен знать, как учащиеся принимают учебный материал. Оценка дает информацию о том, насколько все результаты обучения эффективны, а также дополняется новыми планами посредством анализа результатов, что может послужить основанием для внесения соответствующих изменений в процесс обучения. Предварительное определение критериев позволяет объективно оценить успеваемость учащихся. Оценка определяет знания, умения и навыки, приобретенные у учащихся, включая качество усвоенных знаний: полнота, прочность, глубина, гибкость и т.д.б. все это поможет определить личностные качества учащихся. Учитель может успешно организовать процесс оценки с учетом этих факторов. В статье рассказывается об этих важных обстоятельствах.*

***Ключевые слова:** педагогическая оценка, принципы, функции, результат обучения, учебные достижения учащихся, критерии.*

*To organize the assessment of educational achievements, the student must have a basic understanding of the teacher about the assessment; he must know the principles and functions of evaluation. It is important to answer the question of what to evaluate. In the learning process, the teacher needs to know how students accept the learning material. The evaluation provides information on how effective all learning outcomes are, and is complemented by new plans through the analysis of results, which may lead to appropriate changes in the learning process. The preliminary definition of criteria allows an objective assessment of student performance. The assessment determines the knowledge, skills and abilities acquired from the students, including the quality of the acquired knowledge: completeness, strength, depth, flexibility, etc. all this will help to determine the personal qualities of students. The teacher can successfully organize the assessment process considering these factors. The article describes these important circumstances.*

***Key words:** pedagogical assessment, principles, functions, learning outcomes, student learning achievement, criterion.*

Азыркы учурда окуучунун окуу жетишкендигин баалоо түшүнүгүнүн ролу жогорулады. Мурда баалоого окуучунун билимине беш балдык шкаланын негизинде баа коюу милдети коюлган эле. Азыркы учурда баалоонун милдети баа коюу менен эле чектелип калуу эмес, баалоо өзүнө баа коюуга чейинки даярдыкты, баалоо жана жыйынтыгын чыгаруу процессин камтыйт. Бул учурда баалоону уюштуруучу мугалимдин ишмердүүлүгү маанилүү орунга чыгат. Мугалим баалоону уюштурушу зарыл, бул – мугалимге коюлган маанилүү милдет. Бирок, мугалим баалоону уюштуруу үчүн баалоо тууралуу негизги түшүнүктөрдү билиши зарыл жана аларды эске алуу менен баалоо процессин ийгиликтүү уюштура алат.

**Мугалимдин таяныч түшүнүктөрү**. Мугалимдин окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоону уюштура билүүсү – бул мугалимдин баалоо ишмердүүлүгү. Мугалимдин бул ишмердүүлүктү уюшту-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



руусунун этаптары, механизмдери тууралуу россиялык жана ата мекендик окумуштуулар өз эмгектерин арнашкан. Алардын изилдөөлөрүндө баалоону уюштуруу маселеси процесс катары каралган [2; 6; 13].

Бирок бул процессти уюштуруу өзүнөн өзү эле жүргүзүлүп кете турган процесс эмес. Мында мугалимдин процессти аткарууга карата теориялык даярдыгы, б.а. аны уюштурууда эске ала турган жагдайлары маанилүү болуп эсептелет. Педагогикалык баалоо тууралуу, мугалимдин баалоо ишмердүүлүгү тууралуу адабияттарды талдоонун негизинде биз, баалоо процессинде мугалим төмөнкүдөй жагдайларды эске алуусу зарыл деп эсептейбиз [4]:

1) баалоо тууралуу мугалимдин негизги түшүнүктөрү;

2) баалоонун принциптери менен функциялары тууралуу билимдери;

3) баалоонун мазмуну, б.а. эмнени баалоо керектиги;

4) баалоонун критерийлери тууралуу мугалимдин билимдери.

Бул түшүнүктөрдүн маанисин чечмелей кетүү зарыл.

**1. Баалоо түшүнүгү тууралуу мугалимдин негизги түшүнүктөрү.** Окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоо окуу процессинин ажырагыс бөлүгү деп аталат, ал окутуунун эффективдүүлүгүн арттырууга, ошондой эле ийгиликке жетүүгө дагы белгилүү деңгээлде таасир этет. Баалоо окутуунун бардык жыйынтыктары канчалык деңгээлде эффективдүү экени жөнүндө маалыматты берет, ошондой эле жыйынтыкты талдоо аркылуу жаңы пландар менен толукталат, бул, окутуу процессине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө негиз болуп бере алат. Мугалим ушуну, б.а. окуу процессиндеги педагогикалык баалоонун ролун билүүсү зарыл.

Мугалим педагогикалык баалоонун маңызын билүүсү зарыл. Алдын ала коюлган план менен алынгын натыйжанын дал келишинин даражасын аныктоочу системалык процесс жана жыйынтык экенин ал түшүнүүсү зарыл. Процесс катары, педагогикалык баалоо өзүнө байкоону, салыштыруу менен талдоону, жалпылоону, кабыл алынган норма менен дал келтирүү иш аракеттерин камтый турганын, ал эми жыйынтык катарында педагогикалык баалоо окуучулардын билиминин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин абалы жана деңгээли тууралуу жыйынтык чыгаруу маселесин карай турганын билүүсү зарыл.

Окутуу процессинде окуучулар окуу мате-риалын кандай кабыл алып жатканын мугалим билүү зарыл. Бул өзгөчө маанилүү, себеби, окуучунун өздөштүрүү абалы кандай экенин билбей туруп окутуунун кийинки этабына өтүү туура эмес. Мурунку материалды өздөштүрө албай калган окуучу жаңы материалды толук өздөштүрө албай калат. Бул жагдай математика предметинде өзгөчө мүнөздүү. Ошондуктан окутуу процессинде баалоону үзгүлтүксүз уюштуруп туруу зарыл. Баалоонун негизинде окуучунун абалы, өздөштүрүү деңгээли аныкталат, ага ылайык мугалим окуучуга жекече мамиле жүргүзүүсү зарыл, ал эми кай бир учурларда окутуу процессине коррекция жасоо зарыл болот.

Мында, окутуу процессинде педагогикалык баалоонун милдеттери тууралуу мугалим билүүсү керек. Баалоо:

- өздөштүрүлгөн билимди актуалдаштырат;
- окуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын аныктайт;
- окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн далилдейт;
- окутуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүүгө көмөк берет;
- өзүн жана бири-бирин текшерүү көндүмдөрүн өнүктүрөт;
- белгилүү инсандык, профессионалдык сапаттарды өнүктүрөт;
- окуу ишмердүүлүктөгү ийгиликтин же кыйынчылыктардын себептерин аныктайт.

Мындантышкары, мугалим баалоонун теориялык билимдерин өздөтүргөн болуусу зарыл. Бул – процессти уюштурууда ага таяныч болуп бере алат.

**2. Педагогикалык баалоонун принциптери жана функциялары** тууралуу билимдерге ээ болуусу. Бул түшүнүктөр баалоо процессин туура нукта алып барууга, баалоо процессинде тиешелүү жоболорду жетекчиликке алуу менен анын натыйжалуулугун камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Окутуу процессинде принциптер – педагогикалык процесстин мазмунун, формасын, методдорун, каражаттарын жана өз ара аракеттенүүнүн мүнөзүн аныктоочу жоболор, талаптардын системасы, процессти уюштуруудагы жана жүргүзүүдөгү жетектөөчү идея. Булар окуу теориясы менен практикасынын ортосундагы көпүрө болуп эсептелет [9; 12].

Окутуу процессинде баалоону ийгиликтүү ишке ашырууга карата эрежелердин жана талаптардын системасы, б.а. принциптери иштелип чыкан. Бул принциптерди жетекчиликке алуу менен баалоо ишмердүүлүгү жүргүзүлөт. Оумуштуулардын изилдөлөрүнүн натыйжасында баалоонун объективдүүлүк, негиздүүлүк, системалуулук, ар тараптуулук, жекелик жана тарбиялоо мүнөздөгү принциптери негизделген.

*Объективдүүлүк принциби* баалоодо субъективдүүлүккө жана жаңылыш баалоого жол бербөө аракетин көздөйт. Объективдүүлүк көп фактордон көз каранды. Баалоонун объективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн баалоо аны ишке ашырган мугалимдерден көз

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



каранды эмес болушу зарыл. Баалоо объективдүү болушу үчүн: баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү иштелип чыгышы керек; тиешелүү каражаттар даяр болуусу керек (суроолор менен тапшырмалар, тесттер, анкеталар); баалоодо критерийлерге таянуу зарыл.

*Баалоонун негиздүүлүгү* коюлган баанын аргументтелишин шарттайт. Аргумент мазмундуу мүнөздөлүп, окуучунун аткарган ишине, критерийлерлердин талаптарына жооп берүүсү керек. Аргументтөө учурунда мугалим окуучунун билиминдеги жетишпеген жактарын айтып, аларды жоюнун жолдору үчүн кандай иштерди аткаруу зарыл экендигин айтып, окуучуга багыт берүүсү керек.

*Системалуулук принциби* окутуу процессинин баштапкы этабынан акырына чейин баа ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү талап кылат. Системалуу баалоого билим берүү системасынын бардык компоненттери дуушар болот. Бул принцип баалоонун комплекстүү ыкмаларын, ар кандай формаларын жана методдорун колдонууну шарттайт.

Баалоо окуучулардын ээ болгон билимдерин, билгичтик менен көндүмдөрүн аныктайт, аны менен кошо өздөштүрүлгөн билимдердин сапаты, б.а. толуктугу, бекемдиги, тереңдиги, ийилчектиги ж.б. аныкталат, булардын бардыгы окуучунун инсандык сапатын аныктоого жардам берет. Демек, баалоо окуучунун жетишкендигин ар тараптуу жактан иликтейт, бул – *ар тараптуулук* принцибинин мазмунун түзөт.

Баалоо *жекелик мүнөзгө ээ*. Баалоо процессинде дайыма окуучунун өздүк билими аныкталат. Окуу материалы боюнча окуучу эмнелерди билери, анын билим деңгээли кандай экендиги, окутуу процессинде окуучу эмнени үйрөнө албаганы, жетишпегендигинин себеби эмнеде экени, билими боюнча кемчилдигин жоюу үчүн эмне кылуу керек экендиги бул принциптин ишке ашырылышы.

Принциптерди жетекчиликке алуу менен педагогикалык баалоо кандайдыр бир функцияларды аткарат. Көп изилдөөчүлөр өз эмгектеринде баалоонун функцияларынын маанилүү экендигин баса белгилешкен. Г.М. Коджаспирова педагогикалык процесстин функциясын анын милдети, ролу, дал ошол милдетти аткаруу үчүн педагогикалык процесс уюштурулат деп белгилейт [10, 377-б.]. Е.И. Перовский [13] билимди текшерүү менен баалоо окуу материалын өздөштүргөнгө гана жардам бербестен, окуучулардын ой жүгүртүүсү менен эсине, эркине, өз күчүнө ишенип баалоого мүмкүнчүлүк түзө алат деп белгилеген. Т.И. Ильина [3] баалоо менен контролдоонун функциясына приоритеттүү маани берген. Педагогикалык баалоонун функциялары маанилүү, анткени алар баалоо системасынын бирдиктүүлүгүн сактайт. Педагогикалык баалоонун функциясы – бул анын ролу жана аткаруучу милдети, ал окутуу процессинин ар бир этабында баалоонун тийгизүүчү таасирин аныктайт. Мисалы, ар бир адистин өз милдети бар, бул милдет анын аткаруучу функциясы. Ошол себептен педагогика илимин изилдөөчүлөр, окуу куралдарынын авторлору тарабынан функция фундаменталдык түшүнүк катарында каралган. Адабияттарда баалоонун төмөндөгүдөй функциялары белгиленген [3;9;10;12;13].

*Педагогикалык баалоонун окутуучу функциясы* кабыл алынганбилим, билгичтик жана көндүмдөрдү актуалдаштыруу милдетин аткарат.Окуучунун билимин калыптандырууда баалоонун ролу жогору. Окуу материалын кайталоо, тактоо, кайра калыбына келтирүү, практикада колдонуу аркылуу окуучунун билими тереңдейт жана бекемдейт. Баалоону уюштуруу аркылуу окуучуларга жардам көрсөтүлөт, анын билими менен билгичтиги бекемделет, билгичтиги көндүмгө айланат.

*Педагогикалык баалоонун тарбиялоочу функциясы* окутуунун билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялык функцияларынын мыйзам ченемдүү биримдигинен келип чыккан. Педагогикалык баалоонун чыныгы эң чоң тарбиялык ролу бар. Баалоо билим алууга карата окуучунун милдеттүүлүгүн жогорулатат, ал инсанга таасир берүүчү күчкө ээ. Баалоонун негизинде окуучунун өз алдынча окуп билим алуу, өзүн өзү контролго алуу, мугалимдин алдында ишенимдүү болуу сапаттары калыптанат. Бул функция окуучуну өзүнүн кыймыл аракетин адекваттуу кабылдаганга шарттап, окуу убактысын туура уюштурганга үйрөтөт.

Педагогикалык баалоо *таанып билүү функциясын* аткарат. Окуучунун өздүк абалын жана анын жөндөмдүүлүктөрүн, билим-билгичтиктерин иликтөө дайыма алар тууралуу жаңы билимдерге ээ болуу менен барабар. Баалоонун негизинде окуучунун өнүгүүсүнүн мүнөзү, жаңы абалы жөнүндө маалымат тастыкталат. Мугалим тигил же бул окуучу тууралуу маалымат алат. Окуучунун билимин баалоодон жаңы маалымат алынат, окуучунун жетишпегенинин себептери такталат, булар мугалимге окуучунун толук эмес жетишүүсүн жана анын кемчиликтерин жоюуга карата план түзгөнгө шарттайт. Ошону менен катар окуучунун окуу мүмкүнчүлүгүнүн толук эмес өнүгүшүнүн себебин издөөгө, объективдүү ыкмага негизделген себептерди, аны түшүндүрүүнү иликтөөгө мүмкүндүк берет.

Баалоонун *контролдоочу функциясы* окуучулардын даярдык деңгээлине дайыма көзөмөлдүк кылуу, аны мугалимдин көз кырында кармап туруу дегенди түшүндүрөт. Бардык учурда баалоо – белгилүү, азыр-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кы абал менен максатты салыштыруу үчүн уюштурулат. Ошондуктан, баалоо аркылуу окуучунун окуу жетишкендиктери менен анын мурдагы абалы салыштырылып, ийгиликтери менен кемчилдиктери тууралуу маалыматты мугалим көзөмөлгө алып турат.

Педагогикалык баалоонун маанилүү функцияларынын бири болуп окуучуларды *стимулдаштыруу* саналат. Бул функциянын маңызы берилген тапшырманы эң жакшы аткаруу үчүн окуучуга шарт түзүү менен анын окуу эмгегине түрткү берүүдө турат. Ал окуучунун инсан болуп өсүшүнө, өзүн өзү баалоосуна мотив болуп берет. Аны менен катар окуучу менен мугалимдин ортосундагы алака системалуу мүнөзгө ээ болот. Бул функция оң мотивдерди, чыгармачыл атмосфераны түзүүгө жана окуучуларды демилге көтөрүүгө стимул берет. Баалоонун жыйынтыктары билим берүү системасын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Алынган жыйынтыктар кемчилдиктерди жоюуга шарт түзөт.

*Өнүктүрүүчү функция* эң маанилүү функциялардын бири деп айтылат. Бул функция окуучулардын интеллектуалдык өсүшүн шарттоо менен, анын көңүл коюусун, акыл эсин, ой-жүгүртүүсүн, окуу-таанып билүү ишмердигин өнүктүрүүгө жардам берет.

Жогоруда белгиленгендей, баалоо окуучуга окуу материалын жалпылоого, системалаштырууга оң таасирин тийгизүү менен ар бир тема боюнча конкреттүү иш аткарууга эркин багыттап, билим менен билгичтикке көңүл борборун буруунy шарттайт жана анын тартиптүүлүк, жоопкерчилик сезимин жогорулатат.

**3. Баалоонун мазмуну** эмнени баалоо керек деген суроого жооп берет жана мында окутуунун натыйжасы тууралуу кеп кылуу зарыл. Жогоруда айтылгандай, Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын 2020-жылга чейин өнүктүрүү стратегиясында билим берүү натыйжага ориентир алышы керек деп айтылган. Бул – эң алгач, окутуунун натыйжасын так аныктап алып, андан кийин, окутуу процессинде ушул натыйжага жетүүнүн аракетин көрүү зарыл дегенди түшүндүрөт. Окуучунун окуу материалын өздөштүрүүсүн пландоо – бул окутуунун максатын аныктоо. Бул болсо, пландалган натыйжа. Окутуу процессинин жыйынтыгында окуучу кандайдыр бир натыйжага ээ болот, окуучуда өзгөрүүлөр пайда болот. Ал эми бул натыйжа пландалган натыйжа менен дал келеби, же айырмачылык барбы деген суроого жооп берүү үчүн баалоону уюштуруу зарыл. Баалоонун жыйынтыгында окуучунун жетишкендиги тиешелүү белги менен белгиленет, же болбосо окуу материалын өздөштүрүүгө карата болгон анын аракети талкууга алынат, окуучуга жолдомолор берилет.

Адабиятта «окутуунун натыйжасы» түшүнүгү түрдүүчө чечмеленет. Кээ бир авторлор аны окуучу ээ болгон билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр деп эсептешет [2;7]. Башкалары «билимдүүлүк» жана «окуй алуучулук» түшүнүктөрүн колдонушат [1;14]. Билимдүүлүк окуу аракетин аткарууга карата окуучунун даярдыгын мүнөздөйт, ал эми окуу аракетин аткарууда окуучу өздөштүргөн билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн демонстрациялайт. Ал эми окуй алуучулук – окуучулардын билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ийгиликтүү ээ боло турган жөндөмдүүлүгү дегенди түшүндүрөт. Окутуунун натыйжасы билим, билгичтиктер, же окуй алуучулук менен эле чектелбейт, анын мааниси терең. Окутуунун натыйжасы – бул «окуучу өздөштүргөн билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр, алардын негизинде түзүлгөн интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөр, социалдык маанилүү касиеттер (сапаттар, компетенттүүлүк, таанымдык өз алдынчалык), курчап турган турмуш чындыгы менен эмоциялык-баалуулуктук мамилелер, алар өздөштүрүү деңгээлдери аркылуу аныкталат» [8, 37-б.].

Келтирилген аныктамадан көрүнүп тургандай, окутуунун натыйжасы бир нече компоненттерден турат.

А) Окутуунун натыйжасынын мазмундук компоненти. Бул компонент окуучулардын өздөштүрүүчү объектилер жөнүндө билимдерин (фактылар, алгоритмдик, процедуралык билимдер, методологиялык билимдер ж.б.), ишмердүүлүктүн ыкмалары жөнүндөгү билимдерин (аракеттерди аткаруунун эрежелери) жана инсандын касиеттери жөнүндө билимдерин (көңүл буруу, кабыл алуу, мотиви, эс тутум, кыялдануу жана ой жүгүртүү формаларынын өзгөчөлүктөрү, баалоочу пикирж.б.) камтыйт. Демек, билимдер – окутуунун натыйжасынын биринчи компоненти.

Б) Окутуунун натыйжасынын ишмердүүлүктүк компоненти. Окутуунун натыйжасы билимдер менен эле чектелбейт. Билим ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун шарты болуп саналат. Ишмердүүлүк – бул окуучунун аракеттери. Окуучу алган билими менен ар кандай түрдөгү аракеттерди аткаруусу зарыл. Бул учурда биз билгичтиктер жана көндүмдөр жөнүндө сөз кылабыз. Билгичтик – бул адамдын ийгиликтүү аракетти аткараалуу мүмкүндүгү. Ал бир нече түргө бөлүнөт. 1. Атайын билгичтик (окуу предмети менен байланышкан билгичтиктер). 2. Окуу эмгегин уюштуруу билгичтиги (өзүн өзү уюштуруу, өзүн өзү жөнгө салуу, пландоо, өзүн өзү контролдоо жана рефлексиялоо билгичтиктери). 3. Интеллектуалдык билгичтик (салыштыруу, талдоо, системалоо, жалпылоо ж.б.).

В) Окутуунун натыйжасынын инсандык компоненти. Окуучу билимдерди өздөштүрүп, билгичтиктерге ээ болуп, ишмердүүлүктүн ыктарын колдонуп, аларды өздүк инсандык энчисине айлантат. Окутуунун натыйжасынын инсандык компоненти катары

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүк тажрыйбасы, жалпы жана атайын жөндөмдүүлүктөрү, билимдеринин сапаты эсептелет.

Мына ушул мүнөздөмөлөр окуучуда калыптануусу зарыл жана педагогикалык баалоонун жардамы менен ушул мүнөздөмөлөр окуучуда канчалык деңгээлде калыптанганы аныкталышы зарыл.

**4. Баалоонун критерийлери** – мугалим эске алуучу маанилүү түшүнүк. Көпчүлүк учурда окуучу мугалимдин баалоосуна наразы болуп калган учурларды байкоого болот. Качан мугалим окуучунун билимин өзүнүн көз карашы менен баалаган учурда ушундай наарызылыктар байкалат. Бул учурда мугалимдин баалоосу субъективдүү болду деп айтылат. Ушундай пикир келишпестиктер жаралбашы үчүн окумуштуулар жана методисттер баалоонун методдорун жана каражаттарын колдонууда критерийлерди түзүп алууну сунушташат [5;8]. Алардын ырастоолору боюнча, баалоо процесси алдын-ала аныкталган критерийлер аркылуу жүргүзүлүшү керек. Бул окуу процессинин ишин жакшыртууга, объективдүү баалоого, айрыкча адилеттүү бааны коюга мүмкүндүк берет.

Баалоо проблемасына арналган кээ бир адабияттарда гана критерийлердин мааниси жана аларды ылайыктуу иштеп чыгуу, ийгиликтүү пайдалануу тууралуу сөй айтылат. Критерий, – бул белги, ал аркылуу баалоо жүргүзүлөт, критерий – баалоонун мерчеми, окутуу процессинде баалоонун объективдүүлүгүн арттырат деп белгилешет авторлор [5; 10; 15]. Критерий баалоонун мерчеми, алынган натыйжа менен коюлган максатты салыштыруунун куралы. Советтик окумуштуу-педагогдор И.Я. Лернер жана М.Н.Скаткин, окуучунун билим сапаты анын окуу жетишкендиктерин баалоонун критерийлери катары каралышы керек деген ойду айтышкан [11]. Демек, баалоо үчүн тиешелүү критерийлер иштелип чыгууга тийиш жана баалоо процесси критерийлер аркылуу жүргүзүлүшү керек. Критерийлер көрсөткүчтөр аркылуу чечмеленишет. Критерийлер так болушу үчүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр иштелип чыгуусу зарыл. Баалоонун критерийлери мектептик билим берүүнүн нормативдик документтеринде дагы келтирилген. Советтик педагогикада 1935-жылы окуучунун билимин баалоонун сапаттык көрсөткүчтөрү (эң жакшы, жакшы, орто, начар жана эң начар) иштелип чыккан. Кийин 1944-жылы буга сандык көрсөткүчтөр (5, 4, 3, 2, 1) кошулган.

Азыркы учурда окуучунун билим деңгээлин баалоо үчүн төмөнкүдөй критерийлер жана көрсөткүчтөр колдонулуп келүүдө [16, 130-131 бб]:

Жалпы орто мектептердин окуучуларынын окутуу процессиндеги жетишүүсүн төмөндөгү критерийлердин негизинде аныктоо сунушталат.

Эгерде окуучу:

- өтүлгөн окуу материалын толугу менен өздөштүрсө;
- өтүлгөн окуу материалдын негизги жоболорун тура түшүнсө;
- кабыл алган билимин практикада жеңил колдоно алса;
- кабыл алган билимин кайрадан айтып берүүдө ката кетирбесе, жазуу иштерин таза жана катасыз жазса;
- жоопту өзү түзүү менен бирге, берилген суроолорго тура жооп берсе;
- татаал суроолорго кыйналбастан жооп берсе, анда ага *«5» - «эң жакшы» баасы* коюлат.
- Эгерде окуучу:
- өтүлгөн окуу материалын негизинен өздөштүрсө;
- берилген суроолорго кыйналбастан жооп бере алса;
- кабыл алган билимин практикад аколдоно алса;
- берилген суроого жооп берүүдө маанилүү ката кетирбесе, жооп берүүдө кетирген каталарын кошумча суроолор берилгенде жоё алса;
- жазуу иштеринде бир аз ката кетирсе, анда ага *«4» - «жакшы» баасы* коюлат.

Негизинен алганда «5» жана «4» бааларга тиешелүү болгон билим деңгээли, окутуу процессинин сапаттуу жана натыйжалуу өткөндүгүнүн далили болот. Себеби окуучунун кабыл алган билими, билгичтиги жана көндүмү терең жана жогорку деңгээлде болот.

Эгерде окуучу:

- окуу материалын негизинен өздөштүрсө, бирок анны кайрадан калыбына келтирүүдө кыйынчылыкка учураса жана кошумча суроолорду талап кылса;
- жөнөкөй суроолорго жооп берүү менен бирге, татаал суроолорго жооп берүүдө кыйналууга учураса;
- жазуу иштеринде ката кетирсе, анда ага *«3» - «канааттандырарлык» баасы* коюлат.

Эгерде окуучу:

- өтүлгөн окуу материалынын айрым бөлүктөрүн түшүнүү менен бирге анын негизги бөлүктөрүн өздөштүрө албаса;
- жазуу иштеринде одоно каталарды кетирсе, анда ага *«2» - «начар»* деген баа коюулат.

Эгерде окучу өтүлгөн окуу материалды толук өздөштүрө албаса, анда ага *«1» - «өтө начар» баасы* коюлат.

Критерийлердин негизинде баалоону уюштуруу үчүн төмөнкүдөй иш аракеттер аткарылышы керек:

1. Баалоонун максатын аныктап алуу.
2. Критерийлерди иштеп чыгуу.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



3. Ар бир критерийге көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу.
4. Баалоочу тапшырмаларды иштеп чыгуу.
5. Тапшырмаларды деңгээлдерге бөлүштүрүү.

Критерийлер көп болгону туура эмес, бул учурда баалоо процесси татаалдашып кетет дешет адистер. Критерийлер төмөнкүдөй талаптарга жооп бериши зарыл:

- окуучу демонстрациялай турган, реалдуу түрдө өлчөнө турган натыйжа катары жазылышы керек;
- окуучунун ишмердүүлүгүнүн натыйжасын эки, же үч деңгээл түрүндө бөлүп көрсөтүүсү зарыл;
- окуучунун ишмердүүлүгүнүн натыйжасын бул же тигил деңгээлге бөлүштүрүү үчүн чечим чыгарууга мүмкүн болгондой кылып жазылышы зарыл.

**Корутунду**. Окутуу процессинде баалоону уюштуруу мугалимдин маанилүү ишмердүүлүктөрүнүн бири. Бирок бул ишмердүүлүктү ийгиликтүү уюштуруу көптөгөн факторлордон көз каранды. Анын ичинде, жогоруда биз карап өткөн таяныч билимдер мугалимге баалоону уюштурууда ишенимдүү курал болуп бере алат.

**Адабияттар:**


1. Архангельский, С.И. Обученность – главная переменная шкалы отметок, градации контингента и функции оценивания учителя [Текст] / С.И. Архангельский, П.Мизинцев, А. В. Кочергин. - М., 1985. - 102 с.
2. Вендровская Р.Б. Проверка и оценка знаний, учащихся в историческом опыте советской школы [Текст] / Р.Б. Вендровская // Советская педагогика. 1982. - №11. - С. 103-108.
3. Ильина Т.А. Педагогика [Текст] / Т.А. Ильина. - М. Просвещение. 1984. - 495 с.
4. Исакова В.Т. Болочок математика мугалимдерин окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоого даярдоонун маселелери [Текст] / В.Т. Исакова // Alatoo Academic Studies. - Бишкек, 2018. - №2. - 8-13-бб.
5. Кадневский В.М. Традиционные и инновационные средства оценивания и контроля в образовании: Монография [Текст] / В.М.Кадневский, С.К.Калдыбаев, В.Д. Полежаев, М.В. Полежаева. - Омск: Изд-во ОмГТУ, 2012. - 320 с.
6. Калдыбаев С.К., «Педагогикалык баалоо» түшүнүгүнүн өнүгүү тарыхынан [Текст] / С.К. Калдыбаев, В.Т. Исакова, З.А. Кадырова // Alatoo Academic Studies. - Бишкек, 2018. - №4. - 30-38-бб.
7. Калдыбаев С.К. О сущности и роли результата обучения на современном этапе развития высшего образования [Текст] / С.К. Калдыбаев // Современная высшая школа: инновационный аспект. - Челябинск, 2014. - №1. - С. 61-67.
8. Калдыбаев С.К. Компьютерная диагностика результатов обучения в общеобразовательной школе: практико-ориентированная монография [Текст] / С.К.Калдыбаев, Д.М. Ажыбаев, М.М. Бекежанов. - Бишкек, 2007. - 136с.
9. Калдыбаев С.К. Педагогикалык баалоонун негиздери: Педагогикалык билим берүү багытындагы бакалаврларды даярдоо боюнча окуу куралы (Педагогикалык билим берүү багыты) [Текст] / С.К. Калдыбаев, А.М. Мамытов, С.И. Иптаров. - Б.: KIRLand, 2014. - 180 б.
10. Коджаспирова Г.М. Словарь по педагогике [Текст]/Г.М. Коджаспирова, А.Ю.Коджаспиров. - М., 2005. - 448 с.
11. Лернер И.Я. Совершенствование качества знаний учащихся [Текст] / И.Я. Лернер, М.Н. Скаткин. - М., 1976. - 142 с.
12. Мамбетакунов Э.Педагогиканын негиздери: Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы. Толукталып экинчи басылышы [Текст] / Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. - Б.: Айат, 2008. - 304 б.
13. Перовский Е.И. Проверка знаний в школе. [Текст] / Е.И. Перовский. - М., 1960. - 512 с.
14. Симонов В.П. Диагностика степени обученности учащихся [Текст] / В.П. Симонов. - М.: Роспедагенство, 1999. - 47 с.
15. Советский энциклопедический словарь [Текст] / Научно-редакционный совет: А.М. Прохоров (пред). - М.: «Советская Энциклопедия», 1981. - 1600 с.
16. Харламов И.Ф. Педагогика [Текст] / И.Ф.Харламов. - М.: Гардарики, 1999. - 520 с.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Арынбаев Э.К.**